УДК:341. 222

**Карабеков Алтынбек Шамшиевич**
Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы,
Мамлекет жана укук институтунун аспиранты

**Карабеков Алтынбек Шамшиевич**
аспирант института Государства и права
Национальной Академии Наук Кыргызской Республики

**Karabekov Altynbek Shamshievich**
Postgraduate student of the Institute of State and Law of
the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

# КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛУСУН ТҮЗҮҮДӨ АЛГАЧКЫ КАДАМДАР
# ПЕРВЫЕ ШАГИ В СОЗДАНИИ КАРА-КИРГИЗСКОЙ АВТОНОМНОЙ ОБЛАСТИ
# KARA-KYRGYZ AUTONOMOUS REGION THE FIRST STEPS IN CREATING

**Аннотация.** Макалада Кыргыз Республикасынын түзүлүшүнө себеп болгон кадамдар жана мамлекеттин түптөлүшүнө эбегейсиз салым кошкон инсандар тууралуу маалыматтар келтирилген. Ошону менен бирге, Кара-кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшүнө салым кошкон саясий чечимдер жана хронологиясы көрсөтүлдү.
**Негизги сөздөр:** Кара-кыргыз, автономиялуу облусу, Кыргыз Республикасы, Улуу Октябрь Социалисттик революциясы, Улуу Үркүн, Түркстан автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы, улуттук интеллигенция, саясий элита.

**Аннотация.** В статье представлена информация о шагах, которые привели к созданию Кыргызской Республики, и о людях, внесших огромный вклад в становление государства. Вместе с тем, были указаны политические решения, шаги и хронология, которые способствовали созданию Кара-Кыргызской автономной области.
**Ключевые слова:** Кара-кыргызская автономная область, Кыргызская Республика, Великая Октябрьская социалистическая революция, Великий Уркун, Туркестанская автономная Советская Социалистическая Республика, национальная интеллигенция, политическая элита.

**Abstract.** The article provides information about the steps that led to the creation of the Kyrgyz Republic, and about the people who made a huge contribution to the formation of the state. At the same time, the political decisions, steps and chronology that contributed to the creation of the Kara-Kyrgyz Autonomous Region were indicated.
**Key words:** Kara-Kyrgyz Autonomous Region, Kyrgyz Republic, Great October Socialist Revolution, Great Urkun, Turkestan Autonomous Soviet Socialist Republic, national intelligentsia.

Азыркы эгемендүү Кыргыз Республикасын түзүлүшүнө эбегейсиз салым кошуп кеткен баатыр инсандар тарабынан, XX кылымдын башында орун алган саясий чечимдерден улам ишке ашырылганын баса белгилеп кетпесек болбойт. 1917 - жылдагы Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын натыйжасында Россиянин падышалык бийлиги кыйрап, Түркстан аймагында

Кыргызстандын саясий кырдаалында чон өзгөрүүлөр жол алып баштайт.

Борбордук Орусиядан айырмаланып, Кыргызстанда жумушчулардан жана аскерлерден түзүлгөн убактылуу өкмөттүн улуттук деңгээлдеги биринчи ирет Кыргыз коомдук комитеттеринин кеңештери түзүлөт. Кыргызстанда улуттук, коомдук жана саясий уюмдарды түзүлгөндөрдүн бирден-бир себеби болуп, коомдук пикирди координациялоо жана саясий пикир келишпестиктер жоюу менен бирге ортодо диалогторду камсыз кылуу, саясий процесстерге катышуу үчүн ар кандай социалдык топтордун кызыкчылыктарын коргоо негиздердин бири болгон.

Убактылуу өкмөттүн тоскоолдуктарына карабастан, 1916-жылдагы Кыргыз элинин тарыхындагы трагедиялуу окуяларынын бири болгон “Улуу Үркүн” улуттук-боштондук көтөрүлүшүнөн улам Бежинге качкан катышуучулары жана Орусия менен Беларустун өнөр-жай ишканаларында иштеген кыргыз жумушчулары өз мекенине кайтып келүү иш-чаралары орун алып, Түркстан аймагында жергиликтүү калктын саясий активдүүлүгү жогорулап коомдук-саясий уюмдар жана партиялар көрүнүктүү калыптана баштайт. [1С 16-8]

Совет бийлиги орногондон кийин 1917 - жылдын 2 - ноябрында “Россия элдеринин укуктарынын декларациясы” жана “Россия менен чыгыштын бардык мусулмандарына” жасалган кайрылуу маанилүү орунду ээлейт. Анда, Орусия аймагындагы ар кандай улуттардын укуктары, мисалы, өзүн-өзү аныктоо укугу, маданият жана тил эркиндиги, ошондой эле бирдей саясий жана социалдык укуктар жарыяланып, аймактагы мусулмандардын колдоосуна ээ болуу максаты көрүлгөн.

Ошондон тартып, улуттардын жергиликтүү интеллигенция өкүлдөрү тарабынан көз карандысыздык жана өз алдынча автономия идеяларын четин чыгара баштаганы байкала баштайт.

XX кылымдын биринчи декадасынын аягындагы бул тарыхый өнүгүү кыргыздардын саясий агартуучулардын көз караштарын жандантты.

1918 - жылдын 1 - майында Түркстандык жумушчулардан, аскерлерден жана дыйкандардан түзүлгөн аймактык кеңеши Россия Федерациясынын курамында биринчи болуп Түркстан автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлгөндүгүн жарыяланат. Бул саясий чечим Орто Азия элдеринин улуттук советтик мамлекеттеринин өнүгүү жолундагы чечүүчү кадам болгон деп белгилеп кетпесек болбойт.

1921 - жылы орун алган Россия Коммунисттик партиясынын большевиктер курултайында бир катар маанилүү милдеттер каралып, анын ичинде улуттук аймактарды антикоммунисттик каршылыктан бошотууга жана социализмди курууда улуттар менен кызматташтыкты бекем-дөөгө умтулгандыгы белгиленген. Жогоруда орун алган съезддин чечимдери Түркстан элдеринин, анын ичинде Кыргыздардын өз алдынча автономиясын түзүүгө умтулуусуна жол ачкан, бирок Кыргыз элинин улуттук мамлекетин түзүү процесси курч саясий күрөш менен коштолуп, узак жана татаал болду, себеби ич ара келишпестиктерден улам, кээ бир кыргыз инсандар тарабынан эркиндиктен качып жанын сактап өзгөртүсүүз калууну сунуштаган болбой койгон жок, жаралып жаткан көйгөйлөргө карабастан кыргыз эл үчүн, кыргыз жер үчүн алдыга умтулган инсандардын аракети менен бүгүнкү күндө да ошол убакытта олтургузулган мөмөлөрүн көрүп жаткан учурубуз. [2.С.26-38]

Кыргыз эл эркиндикти сүйгөн журт болгонуна байланыштуу, Түркстан автономиялуу Советтик Со-

циалисттик Республикасынын курамында Кыргыздардын өз алдынча автономиясын түзүү милдети 1921 -жылдан баштап көтөрүлгөн бирок, бул процесстин жүрүшүндө уруулук жана этникалык топтордун ортосунда пикир келишпестиктер жана тирешүүлөр кескин түрдө жаралып келген.

1924-жылы Советтер Союзунун жана коммунисттик партиянын тарыхында маанилүү болгон курултайы орун алып, В.Ленин көз жумгандан кийин биринчи жолу өтүп, өлкөнүн жана партиянын мындан аркы өнүгүү жолдору талкууланган, ага кыргыздардан делегаттар да катышып партиянын жана Түркстан өкмөтүнүн жетекчилиги жалпы саны бир миллионго жеткен кыргыз улутунун өзгөчөлүктөрүн эске албай жатканын баса белгилешип кыргыз элинин таламын талашып келгендердин биринчилери болушкан.

Аталган делегаттар кара-кыргыздар менен кайсак-кыргыздарды тили жана жашоо образы окшош болгондуктан эки элди күч менен бириктиши Совет бийлигинин улуттук саясатына каршы келээрин билгизип, өз баяндамасында партия менен совет бийлиги кара-кыргыздардын маданий өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эске албаганын эске салып, коммунисттик партияга төмөнкү талаптарды коюшкан:

1) Кара-кыргыз улутун өзбек, түркмөн, тажик, кайсак-кыргыздар сыяктуу башка улуттар менен бирдей өз алдынча улут деп таануу;

2) Түркстандын партиялык жана мамлекеттик бийлик органдарында кара-кыргыз улуттунан өкүлдөрүнүн жоктугун эске алып, аталган органдарга кирүүгө шарттарды түзүү;

3) Кара-кыргыз эмгекчилеринин өз эне-тилинде маданий-агартуу иштерине, биринчи кезекте окуу китептерин жана окуу куралдарын чыгарууга мамлекеттик каражаттарды бөлүп берүүнү өтүнгөн.

1924 – жылдын 10 - мартында аткаруу бюросунун мүчөлөрү, Түркстан Президиумунун мүчөлөрү жана аймактын айрым жетекчи кызматкерлери катышкан жыйында Түркстанды улуттук бөлүү жана мамлекеттик куруу маселеси талкууланган, анда катышып жаткан делегаттар Ю.Абдрахманов, А.Сыдыков жана И.Арабаев өкүлдөрдүн демилгеси кыргыздар үчүн өз алдынча облус түзүү маселесин кайрадан көтөрүлгөн. [3.76-80]

Көп узабай, 1924-жылдын 24 - апрелинде Орто Азия бюросунун сессиясында Орто Азия республикаларын улуттук бөлүү жөнүндө токтом кабыл алынган, бекитилген токтомго ылайык убактылуу аймактык өзбек, кыргыз, түркмөн, казак, тажик комиссиялары уюштурулган.Ал эми, 1924-жылдын 14-октябырында Түркстан автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын кезексиз сессиясында улуттук-мамлекеттик бөлүү жөнүндө чечим күчүнө кирет. Ошону менен кыргыз элине Түркстан Советтик республикасынын курамынан чыгып, Кара-Кыргыз автономиялык облусун түзүү укугун берүү чечими кабыл алынган. Дароо ошол эле күнү Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы - Кара-Кыргыз автономиялуу облусун түзүү боюнча борбордук аткаруу комитетинин токтому Россия Советтик Федеративдик Социалисттик Республикасынын Борбордук Аткаруу комитетинин сессиясынын отурумуна бекитилип берилет.

Кара-кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшү кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышында маанилүү орунду ээлеп, кыргыз элинин тарыхындагы өзгөчө учурду белгилеп, ага өз тагдырын өзү аныктоо жана улуттук иденттүүлүктүн өнүгүшүн камсыз кылганын эстен чыгарбоо керек.

Жыйынтыктап жатып, 1924- жыл кыргыздар үчүн улуттук мамлекеттибиздин кайра жаралуу доорунун

башаты болуп саналат, ал эми даанышман инсандар мындайча айтканда ошол кездеги саясий элитасы Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Жусуп Абдыракманов, Абдыкадыр Орозбеков, Ишеналы Арабаев, Касым Тыныстанов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов жана башка мамлекеттүүлүгүбүздү түптөгөн аталар Россия Советтик Федеративдик Социалисттик Республикасына автономиялуу облус катары кирүү чечимин кабыл алууга салым кошкондору, эн туура саясий чечим кабыл алгандарын белгилеп кетпесек болбойт.

Ошондон улам большевиктер кара-кыргыз автономиялуу облус аймагында ооруканалар, мектептер, социалдык объектилерди ачып, турак-жайларды кура башташкан. Бул улуттук интилегенцияны, өздүк жумушчу табын тез калыптандырууга, кыргыз элинин жалпы билим, маданий деңгээлин көтөрүүгө мүмкүндүк жана дем беришкен.

Тагыраагы, Кыргыз автономиялык облусунун өзүнө таандык аймагы белгиленип, түпкүлүктүү калк жашаган аймакта саясий жана маданий өнүгүүгө шарт түзгөн.

**Адабияттар:**


1. Справочник по Кара-Киргизской автономной области, РСФСР на 1925 г.
2. История кыргызов и Кыргызстана. Бишкек: 1998. С. 177 – 178.
3. Нурбеков К. Возникновение киргизской советской национальной государственности / К. Нурбеков. Фрунзе, 1964. С. 103.
4. Исхаков С.М. Российские мусульмане и революция (весна 1917 – лето 1918 гг.). М.: Изд-во «Социально-политическая мысль», 2004.
5. Абдрахманов Юсуп. Избранные труды. Бишкек: «Шам», 2001.
6. Джуманалиев А. Политическое развитие Кыргызстана (20-30-е годы). Бишкек: Илим, 1994.
7. Джунушалиев Дж. Время созидания и трагедия. 20-30-е годы XX в. Бишкек: Илим, 2003.